12-декабрь - Улуттук адабият күнүнө карата уюштурулган

**“Адабият – коом күзгүсү”** аталышындагы адабий-музыкалуу кече

Баарыбызга бул күн заманыбыздын залкары, жаңыча көз караштагы адабий чыгармалары менен улуттук адабиятка кайталангыс бурулуш жасаган, кыргыз атын өз чыгармалары менен бүт дүйнөгө тааныткан улуу инсан, Кыргыз эл баатыры, Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү жана муну менен катар, оозеки чыгармачылык менен профессионал адабияттын ортосунда арасат калган кыргыз поэзиясын жаңыча багытка алып чыккан, аз жашаса да, кыргыз адабиятына ат көтөргүс эмгек жасаган акын Алыкул Осмоновдун көз жумган күнү катары белгилүү. Мына ушул эки символикалуу датаны эске алуу менен 2011-жылдын 28-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атайын токтому аркылуу Кыргыз эл акыны, ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты **Эгемберди Эрматовдун** демилгеси менен **12-декабрь Улуттук адабият күнү** деп кабыл алынган жана 2011-жылдан бери ар жыл сайын Улуттук адабият күнү белгиленип келет.

Бул күндүн негизги максаты кыргыз адабиятынын бардык жанрындагы чыгармаларды сактоо, өнүктүрүү жана жайылтууну көздөйт.

Бүгүн поэзия жаатында жүрөк титиреткен ырлары менен элдин баасына татыган акындар З.Ажыматов жана Мирлан Самыйкожо агаларыбыздын жана проза, драматургия жаатында адабиятта не бир сонун чыгармаларын калтырып кеткен драматург, прозаик, журналист, жазуучу, адабиятчы, кино жана театр режиссёру Мар Байжиевдин чыгармачылыгына токтолууну туура көрдүк.

Мар Байжиевдин “Төрт адам” драмасы дүйнөнүн 40 сахнасында коюлуп атак алып келген чыгарма окуу жайыбыздын сахнасында студенттер тарабынан эң жогорку деңгээлде көрүүчүлөргө тартууланды.











